**ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ**

УДК:130. 2(575.2) (04)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-89-96

**Алымбаев Абдрахман Мырзагулович**
КР УИА, тарых илимдеринин кандидаты, доцент
**Алымбаев Абдрахман Мырзагулович**
НАН КР, кандидат исторических наук, доцент
**Alymbayev Abdrakhman Myrzagulovich**
NAS KR, Candidate of Historical Sciences, Associate Professor

# ТЕҢИР ТЕОНИМИИН ТАРАЛУУ АРЕАЛЫ ЖАНА АГА СЫЙЫНУУ ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАРЫ
# АРЕАЛ РАСПРОСТРАНЕНИЯ ТЕОНИМА ТЕНГРИ И ЕГО РИТУАЛЫ
# THE DISTRIBUTION AREA OF THEONYM TENIR AND HIS RITUALS

**Аннотация:** Тенир теониминин таралуу ареалы тууралуу да эми гана сөз кылына баштады. Анын географиялык мейкиндиги биз ойлогондон да кенири болуп чыгууда. Маселе, ал качан ушунча кендикте таралган, кимдер жайылткан? Аны алып жүргөн уруулар кимдер болушкан? Алардын чачырап, ушунча кендикке тарап кетишине эмне себеп болгон? Бул маселелер тарыхчы окумуштуулар тарабынан такталууга тийиш. Азырынча ал фактылар бизге белгисиз? Ал келечекте дагы терендеп изилдениши керек. Тенир дүйнө таанымынын дуалисттик мүнөзү тууралу да али көп сөз кылына элек. Биз аны Алтай элдеринин ишенимдериндеги эки дух (Үлкен жана Эрлик) жана кыргыз тилиндеги “эр”, “үр” терминдери аркылуу ачууга аракет кылдык.

**Аннотация:** Об ареале распространения теонима Тенир начали говорить с недавних пор. Его географическое пространство оказалась шире, чем мы предпологали. думали. Вопрос в том, когда этот теоним она распространился, по стольким областям и кто ее распространил? Как назывались племена, носившие его? Что заставило их рассеяться и распространиться по стольким странам? Эти вопросы должны быть выяснены историками. Насколько эти факты нам известны? Его следует изучить в будущем. Дуалистическая природа мировоззрения тенира еще мало изучена. Мы попытались раскрыть его через понятия двух духов (Улкен и Эрлик) в верованиях алтайцев, и в терминах «эр» и «ур» в кыргызском языке.

**Abstract:** The area of distribution of theonym Tenir has been talked about recently. Its geographical space turned out to be wider than we expected it to be. The question is, when did this theonym spread, in so many areas, and who spread it? What were the names of the tribes that wore it? What caused them to disperse and spread to so many countries? These questions should be clarified by historians. To what extent are these facts known to us? It should be studied in the future. The dualistic nature of Tenir's worldview is still poorly understood. We tried to reveal it through the embrace of two spirits (Ulken and Erlik) in the beliefs of the Altaians, and in terms of "er" and "ur" in the Kyrgyz language.

**Негизги сөздөр:** Тенир, Үлкен, Эрлик, Тангара, Дингир, Асман, Жер, Суу, эр, үр ж.б.

**Ключевые слова**: Тенир, Улкен, Эрлик, Тангара, Дингир, Небо, Земля, Вода, человек, семя и др.

**Keywords:** Tenir, Ulken, Erlik, Tangara, Dingir, Sky, Earth, Water, man, seed, etc.

Теңир теоними түрк-монгол элдеринин тилдеринде: “Тенгери, Тенгри (алтай.), Тегри (шор.), Тигир, Тер (хакас), Дээр (туба), Тура (чуваш.), Тангара (якут), Тэнгэр (монгол), Тэнгэри, Тэнгри (бурят.), Тэнгэр” (калмак)[3.500.] формаларында сүйлөнөт. Окумуштуулардын айтууларына караганда бул теоним байыркы көчмөн хун тилинде “ченли”, кытай тилинде “тянь”, шумер тилинде “дингир”[6.500] формаларында айтылып, теонимдин мааниси “асман”, “кудай” деген маанилерди түшүндүргөн. Андан башка бул теоним байыркы болгарларда “Тангра”, ал эми Полинезия элдеринин фольклорунда “Тангароа”, “Тангалоа”, “Каналоа”[6.151.] формаларында белгилүү. Ошентип “Теңир” теоними чыгышта жапан элинен тарта, түштүк-чыгышы Полинезия, түштүк- батышы азыркы Ирак, батышы Балкан жарым аралына чейин таралганын көрөбүз. Качан таралган, кандайча таралган, аны кимдер алып барган - ал азырынча бизге белгисиз?

Ч. Өмүралиевдин жазганы боюнча, “Идеи Тенгрианства распространены также на далеких островах Полинезии, где Теңир произносится как Тангароа, Тинирау, Синилау, Тин, Син. И дело здесь не только в схожести самом названии, но и в понимании сущности его, которая в той или иной мере была сохранена в одном ареале больше, ярче, в другом – смутно, но в понимании сущности, и Единности Тенгри они – схожи. Чтобы быть убедительным я хочу привести пример не из нашего фольклора, а из фольклора вышеназванного далекого народа – полинезийцев”[4.85.].

- Смотри, вот они боги,
- Боги – внутри, боги – вовне,
- Боги – вверху, боги – внизу,
- Боги – покровители океана,
- Боги – покровители земли,
- Боги, воплошенные, боги невоплошенные.
- Боги – пожирающие людей,
- Боги – спасающие людей,
- Боги тьмы, боги света, боги десяти небес,
- Можно ли перечислить всех богов?
- Боги неисчислимы![6.16-17.].

Биз бир кудай – Теңир тууралу сөз кылып жатабыз, ал эми бул жерде сөз “көп кудай” тууралу баратат. Мунун кандай байланышы бар? Автор бул суроого жооп кылып, Теңир дүйнө таанымынын монгол элинде сакталган вариантын мисалга келтирет. Монгол варианты боюнча, “99 тенгри” бар. А чынында, бул бир эле Теңирдин 99 аты. Бир улуу кудай бар, калгандары түрк тилине которгондо: тоонун, суунун, оттун ээлери, Башкача айтканда духтар.

Бир элден экинчи элге өткөндө, сөзсүз бир нерселер кемийт, же бир нерселер кошулат, же жергиликтүү элдин дүйнөтаанымына карата өзгөрүлөт. Ошентип бир нерсенин экинчи варианты пайда болот. Бул жерде да дал ошондой эле көрүнүш болуууда.

Д.Сарыгуловдун жазганы боюнча, “все мировые религии и этические учения появились на Востоке. Это бесспорно обясняется тем, что фундаментом и источником этих религий и учений стало Тенгрианство, которое уже в 1Y и 111 тысячилетиях до н.э. широко распространилось на Ближнем Востоке (шумеры, от которых семитские народы

позаимствовали основы иудаизма и христианства, персы – основы зороастризма), Центральной и Восточной Азии (Буддизм, Конфуцианство, Даосизм, Синтоизм и др.)[5.117.].

Бичуриндин маалыматы боюнча, Теңир түшүнүгү жөнүндөгү ар кандай ишенимдердин бүтүндөй системасы байыркы түрктөргө чейин эле хунндарга, усундарга, сянбилерге, гаогюйликтерге жана Борбордук Азиянын бир катар элдерине таралган.

Теңирчилик – дуалисттик көз караштагы дүйнө тааным экенин биринчилерден болуп, казак элини көрүнүктүү акыны жана тарых изилдөөчүсү Олжас Сулейменов айткан. Ал Совет мезгилинин убагында улуу империянын идеологиясын чаң-тополоңго түшүргөн “АЗ и Я” аттуу китебинде Теңир дүйнө таанымы тууралу айтканын көп эле мисал тартып, жазып келатабыз. Аны кайра кайталап айтуунун зарылдыгы жок деп ойлойм.

Дуалисттик дүйнө тааным байыркы арийлерге таандык ишеним болгонун окумуштуулар изилдешкен. Р. Н. Безертиновдун жазганы боюнча, “Йер (Земля) и Тэнгри (Дух Неба) у тюрков воспринимались как две стороны одного начала, не борющиеся друг с другом, а взаимопомогающие”[1.71.].

Андан нары анын ою боюнча, Адам жер үстүндө төрөлүп, жер үстүндө жашайт. Жер анын жашоо чөйрөсү. Өлгөндөн кийин жер аны жутуп алат. Жер үстүндө жашаган башка жаныбарлардан айырмаланып турушу үчүн Жер ага материалдык көрүнүш (оболочко), ал эми Тэнир ал төрөлүп жатканда ага кут берип, өлгөндөн кийин аны кайра өзү алып кетет. Ал өзүнүн бул оюн Орхон-Энесай жазууларындагы: Адам уулу Тенир белгиленген убакта төрөлүп, ал аныктаган убакта өлөт деген айтымга негиздейт. Демек, Тенир ааламды Жаратуучу эле эмес, ал өзү жараткандарынын туура жашашын жана мөөнөтү аяктаганда, жерди таштап кетишин көзөмөлдөйт. Негизи Тенир дүйнө таанымын деисттик окуу катары эчептегендер дал ушул учурда өз ичинен экиге бөлүнүшөт. Алардын биринчилери: Тенир ааламды жаратат жана өзү жаратkандардын ар бирине өзүнүн жашоо мыйзамдарын салып, жашоо мөөнөттөрүн аныктайт да, өзү четке чыгып, башка кийлигишпейт дешет. Экинчи топко киргендер: Тенир ааламды жаратат жана өзү жараткан нерселердин баарынын жашоосуна таасир берип, кийлигишип, көзөмөлдөп турат.

Аз болсо да, Көкө Теңирге элдер кайсы мезгилде, кантип сыйынышканы тууралу маалыматтар бар. Мисалы, Н.Я. Бичурин келтирген “Вэйшу” жазмасында байыркы түрктөрдүн кудайга сыйынуу ырым-жырымдары жазылган. Ал боюнча: 1. Хан эртен менен үйүнөн чыгып, чыгып келаткан күнгө сыйынган. 2. Жыл сайын өз Ордосунун кишилери менен ата-бабалардын үнкүрү деп аталган үнкүргө келип, курмандык чалып, ар кандай ырым-жырымдарын өткөрүшкөн. 3. Бешинчи айдын орто чендеринде курмандык чалып, асман кудайына сыйынышканы Тамир дарыясынын жээгине чогулушкан. 4. Дугинден 500 ли аралыктагы, чокусунда дарак өспөгөн Бодын-инли деп аталган бир бийик Тоого келишип, сыйынуу ырым-жырымдарын жасашкан[2.350-357.].

Р.Н.Безертиновдун жазганы боюнча, бул салт бүгүнкү күндө да алтай элдеринде сакталып, Улуу Көкө Теңирге курмандык чалып, ар кандай ырым-жырымдарын өткөрүү салттары улантылып келатат. Мисалы, хакастар жылда июнь айынын орто чендеринде (5-10 июнь аралыгында) тоого чыгып, Теңирге сыйынуу ырым-жырымдарын жасашат[1.75.]. Бул салт түрк-монгол элдери тарабынан дээрлик бир жарым миң жыл бою (б.з.ч. 2к. – 14к. чейин) улантылып, жылда аткарылып келди. Улуу Духка (Көкө Теңирге) сыйынуу ырым-жырымы кагандардын, хандардын башчылыгы алдында өткөн. Анткени, каганга бийлик Теңир

тарабынан берилгендиктен, мамлекет ичинде ал биринчи ыйык, касиеттүү адам катары саналып, улуу Бакшынын ролун да аткарган.

Ак боз атты курмандыкка чалып, Көкө Теңирге сыйынуу ырым-жырымын өткөрүү үчүн каган баш болгон билги, төрө жана бийлерден турган башкаруучу катмар өлкөнүн ыйык тоосу эсептелген Улуу Тоонун бир белгиленген чокусун көздөй жөнөшкөн. Мамлекеттин калган адамдары (жалаң эркектер), жергиликтүү урук, уруу бийлеринин жетекчилиги алдында, жер-жерлерде өздөрүнүн ыйык тоолоруна, же мазарларына жыйылышып, Көкө Тенирге сыйынуу салтын аткарышкан. Ошентип, бир жылда бир жолу бир күндө бүт Өлкөнүн эли Көкө Теңирге арнап курмандык чалып, жалпы журтка бактылуу жашоо жана түбөлүктүү тынчтык, улутка улуу биримдик жана күч-кубат, аны башкарган кагандарга жана хандарга алысты көрө билген акыл-эс, кыл учундай, кылыч миизиндей адилет бийлик, эрлерге элге атак-даңк алып келген эрдик суранышкан.

Бизге жеткен маалыматтарга караганда, ырым-жырым тоонун чокусунда, ал жерде өскөн "төрт кайыңдын" ортосунда жасалган. Чогулгандар чокуга чоң от жагышып, күн чыгышты беттеп турушкан да, чыгып келаткан Күнгө үч жолу (кээде жети, кээде тогуз жолу деп айтылат) жүгүнүп таазим кылышкан. Мисалы, качы жана белтир хакастары сыйынууга баратып, баш кийимдерине "ак" жана "көк" түстөгү эки чүпүрөктү байлап алышат. Анан ал чүпүрөктөрдү ырым-жырым өтүп жаткан жердеги өскөн кайыңдын бутактарына байлашат. Алар да салт боюнча, ырым-жырымдарын тоонун чокусунда, ал жерде өскөн Байтеректин (кайыңдын) тегерегинде өткөрүшкөн. Эгер иш-чара өткөрүлүп жаткан чокуда кайың өспөсө, анда этектен аны тамыры менен көчүрүп келип тигишкен. Эгер ал жылы ал кайың көктөбөй калса, анда кийинки жылы жазында башка кайың көчүрүп келип отургузушкан. Бул "Бай Кайың" Асман менен Жерди бириктирип турган Өмүр Дарагынын ролун аткарган.

Айыл жерлеринде курмандыкка арнап кой, козу чалынган. Ар кайсы элдерде анын анча-мынча айырмачылыктары болгон менен негизинен ак, же көк түстөгү жандыктар союлган. Анан улуу Отту тегеренип минтип дуба айтышкан:

- Тогуз жалбырагы менен ыйык кайың, Теңир!
- Тогуз козуну курмандыкка чалдык биз, Теңир!
- Жамгыр сурайбыз өзүңдөн Теңир!
- Түшүм сурайбыз Теңир өзүңдөн!
- Жашообуз жакшы, бактылуу болсун Теңир![1.78.]

Андан кийин адамдар "кичи оттордо" бышырылган эттерди жешет да, калган калдыктары, сөөктөрү жана союлган малдын териси чоң Отко өрттөлүп, жерге көмүлүп ташталат.

Бул иш-чара тууралуу Р.Н.Безертинов минтип жазат: "Всевышнему Тэнгри поклонялись, поднимая руки вверх, и клали земные поклоны, чтобы Тэнгри дал хороший ум и здоровье, помогал в справедливом деле; другого не просили"[1.72.]. Ырым-жырым өтүп бүткөндөн кийин, ага катышкандар кийинки жылы бул сыйынуу ырым-жырымын ким, кайсы урук өткөрөрү сүйлөшүлгөн. Тоонун чокусунда оюндар ойнолгон эмес. Кудайга сыйынгандар ылдый түшкөндөн кийин гана майрам уланып, ар кандай улуттук оюндар, мелдештер өткөрүлгөн.

Байыркы арий империясынын чачырашы менен улуу кудайдын ысмын көтөргөн уруулар, аны өзү менен кошо алып кетишкен да, анын ордун "экинчи" катардагы, бийликке келген уруктун "колдоочу духтары" ("кудайы") ээлеп калган. Менин оюмча, Үлкен менен Эрлик

дал ушундай учурда Теңирдин “ордун” ээлешкен. А балким, бул дуалисттик бийликтин өкүм сүрүшүн чагылдырган көрүнүштүр? Анда, Үлкен – “билги” (“брахман”), Эрлик – “төрө” (“кшатрий”) бийлигинин өкүлү болушу мүмкүн? Анткени, негизинде брахман – “жаратуучу”, кшатрий – “кыйратуучу” бийлик. Башкача айтканда: бири – акыл-эстин, экинчиси – күч-кубаттын ээси.

Ал эми Иран менен Кытайда “экиден дух” (кудай) бар. Алар анын бирин “жамандыктын духу” деп аташат. Тагырак айтканда, кытай элинин түшүнүгү боюнча, ай-ааламдын өзү эки башталыштан янь жана инь сапаттарынан турат. Ал эми Иран мифи ай-ааламды “эки дух” жараткан деп айтат. Башкача айтканда башкы дух – Ахура Мазда жарыктын символу катары бүт жакшылыкты, ал эми караңгынын ээси катары Ахура Ман бүт жамандыкты жараткан.

Алтай-Сайан элдеринде да эки дух жашайт (Үлген менен Эрлик), ал эми Орхон-Энесай жазууларында алардын ысымдары жок. Ал жерде улуу кудай Теңир жана адамзаттын энеси – Умай эне гана сөз кылынат. Алар да, күндүн жана асмандын, акырында ай-ааламдын кудайына айланган Теңир сыяктуу эле, бир убактарда, бири – “жакшылыктын”, экинчиси – “жамандыктын” духу болгон Үлген менен Эрлик, акырындап, Теңирди ээрчип, бири – Асман, экинчиси – Жер ээлерине (кудай эмес) айланып, Теңир менен бирге алар да узун эволюциялык жолду басып өткөн.

“Признание единного Бога – Тенгри как высшего Творца принадлежит тенгризму, но в отличии от христианства и ислама он не уподобляется человеку. Тенгир представлялся невидимой таной, силой, расположенной на седьмом небе, недоступной человеческому разуму и оттуда определяющей все, что происходит во Вселенной”[7.502.]. “В тенгризме исключалась противопоставление природы и человека, а тем более возвышение человека над нею, люди воспринимали себя как неотьемлемую частицу великой, всемогущей, но справедливой и равной ко всему, живой природы”[7.502.]. Кийинки изилдөөлөр Теңир дүйнө таанымынын чыгыш канаты - “Даосиз”, батыш канаты “Зороастризм” аталыштары менен белгилүү болгонун көрсөтүүдө. Эки дүйнөтаанымда тең Теңирчиликтин “дуалисттик” мүнөзү так сакталган.

2. Дао – Теңирдин “асманга” байланышкан маанисин кутка (культка) айланткан жана аны диний - философиялык окуу катары өнүктүргөн. Ал эми зороастризм – Теңирдин “күнгө” байланышкан маанисин өстүрүп, аны байыркы улуу динге айланткан.

4. Дао окуусу – бири-бирине карама-каршы “янь” менен «инь» түшүнүктөрүнүн гармониясы тууралу айтат. Ал эми Зороастризм болсо, бири бирине карама - каршы эки духтун: Ахура мазда менен Ахуро мандын күрөшү тууралу баяндайт.

6. Дао – Асманды кудайга айлантат, а чынында, окумуштуулар жазышкандай Асман - ал Теңирдин бир көрүнүшү жана касиети. Тагырак айтканда, Асман – Ааламдын бир бөлүгү, ошондуктан аны Тенир катары түшүнүү туура эмес.

Тагырак айтканда, Теңир дүйнө таанымын изилдешкен окумуштуулар Асмандын ээси катары – Үлкенди, Жердин ээси катары – Эрликти аташат. Бул экөөсү Тенирден кийинки “кудайлар”, же тагырак айтканда Тенир жараткан улуу духтар. Кудай дал ушул экөөсүнүн колдору менен Ай-ааламды жаратат.

Теңирге салыштырмалуу, Үлкен менен Эрликтин ысымдарынын таралуу ареалынын «тардыгы», ал - алардын кийинки мезгилдерде келип чыкканын көрсөтөт. Тагырак айтканда, адегенде, Теңир жараткан “эки духтун” ысымдары болбогон окшойт? (Бирок бул эки духтун (Үлген менен Эрликтин) ысымдары мага грек мифологиясындагы «күн кудайы» - Гелиос

менен «согуштун кудайы» - Арестин аттарын эске салат. Булардын ысымдары гана эмес, аткарган функциялары да окшош (?)). Ошондуктан, мен аларды мындан ары: “Эр” жана “Үр” деп атоону сунуш кылар элем. Анткени, менин туюмумда, Теңирдин ысымдарында байыркы арат (Менин жеке пикиримде, европа тилиндеги «арий» термини, түбү түрк тилиндеги «ар», «аруу», “эр”, “ир”, “үр” деген сөздөрдө жатат. Анткени, бул сөздөрдүн айтылышы гана эмес, маанилери боюнча да окшош. Ал эми Европа тилинде бул сөздүн этимологиясынын али күнгө чейин табылбай келатышы – терминдердин түпкү теги түрк тилдеринде жаткандыгын билдирет. Бул сөз «ар» формасында айтылганда «эр адамды», «аруу» формасында айтылганда «таза» деген маанини билдирет. Мисалы, кыргыз тилинде: «Ар намыс», же «Эр намыс» деп айтыла берет.) элдеринин тилдерине байланышкан “компоненттер” жаткансыйт? Мында Эр – “Эр уулга”, Үр – “Үр кызга” байланышкан сапатты, башкача айтканда, бул сөздөр антропоморфтук мааниде “Эр башатты” жана “Үр башатты” түшүндүрөт.

Кеңири маанисинде, биз бул эки терминге кытайдын янь жана инь (Чынында «янь» менен «инь» универсалдуу мааниге ээ. Аларды бир сөз менен мааниси мындай деп айтуу кыйын. Биз негизинен бул эки сөз (ян менен ин) бири-бирине карама-каршы түшүнүктөрдү билдирерин билебиз. Көп учурда, бул сөздөрдү туюп-сезүү менен гана айырмалоого болот.) сөздөрүнүн маанилерин беребиз. Ошондо яндын маанисин - эр, индин маанисин - үр түшүндүрүп калат.

Дагы бир айтып кете турган нерсе, духтардын “эркек”, “ургачысы” болбойт. Алардын “жакшы” жана “жаманы” болот. Ошондуктан, биз кээде “эр дух”, же “үр дух” деп сүйлөй турган болсок, анда бул сөздөр алардын “эркек”, же “ургачы” сапатын эмес, алардын “жакшылык жасоочу” (“добрый дух”) жана “жамандык кылуучу” (“злой дух”) сапаттарын түшүнүүбүз керек. Же: отту – эр десек, сууну – үр деп айтабыз, башкача айтканда: күн – эр, түн – үр, асман – эр, жер – үр, ысык - эр, муздак – үр ж.б.

7. Дао – янь менен индин гармониясына умтулат. Эки башталыштын гармониясы ааламдын тынч жашашын жана өнүгүүсүн камсыз кылат. Бул эки башаттын ортосунда күрөш жок. Кытай окуусу мына ушул жерден аксайт. Анткени, Теңирчиликтин маңызында күрөш бар.

8. Зороастризм – Ахура Мазда менен Ангра Мандын күрөшүн баяндайт да, акыры Ахура Мазда жеңип чыгат. Жер үстүндө жыргал жашоо орнойт.

Зороастризмде эки духтун гармониясы жөнүндөгү сөз жок. Бул дин мына ушул жерден кемийт. Башкача айтканда, Иранга кирген арийлер, Теңирчиликтин күрөшүү идеясын гана сактап калышкан да, гармонияга умтулуу идеясын жок кылып алышкан. Бул балким басып алган көчмөндөр менен жергиликтүү отурук элдин ортосундагы тынымсыз күрөштүн болушу эки духтун ортосундагы күрөшкө алып келсе керек? Бул дин бурмаланып, натыйжада мааниси кемип калган. Анткени, Ангра Мандын жок болушу деген сөз – ал өлүмдүн жок болушу дегенди билдирет, башкача айтканда, түбөлүк Өмүр гана өкүм сүрөт деген сөз. Өлүм кантип жок болот? Кантип, түбөлүк Күн тийип турат, кантип Түн жок болот? Анда эмне болот?

Бул туура эмес изилдөөнүн жыйынтыгы. Албетте зороастризмдин этикалык жагын түшүндүрүшу мүмкүн, бирок Тенир дүйнөтаанымынын маанисин толук түшүндүрө албайт. Жогорку жыйынтык, тескерисинче, гармониянын бузулушу, тең салмактуулуктун жок болушу, адилетсиздиктин өкүм сүрүшү деген сөз. Анткени, Дүйнө «эки башаттан» турат.

Анын бир башатынын жок болушу, эртеби-кечпи экинчи башатынын жок болушуна да апкелет.

Теңир дүйнө таанымында күрөш ичте жүрөт, сыртынан гармония, тынчтык өкүм сүрөт. Теңир дүйнө таанымында бири бирин жок кылуучу күрөш эмес, бузулуп бараткан тең салмактуулукту сакташ үчүн болгон күрөш уланат. Адилеттүлүк орногондон кийин күрөш башка формага өтөт. Бул кээде толкуп, кээде тынч мемиреген абалга келген деңиздин көрүнүшүндөй көрүнүш. Деңиз тынчып турганда, анын ичинде сыртынан он эсе күчтүү толкундар болорун окумуштуулар аныкташкан. Дал ушул сыяктуу, күрөш ичте жүргөндө, сырт тынч алып турат, күрөш сыртка чыкканда ич тарап тынчтыкта болот.

Теңир дүйнө таанымынын бул ички сырлары эки элде (иран менен кытай) бурмаланып, кемип калган. Анда күрөш да, бири бирине карама-каршы эки духтун биримдиги да бар. Талант Эгембердиев жазгандай: “Теңиричликте карама-каршылык жок. Орун алмашуу гана бар. Күндүн ордун Түн, кайра Түндүн ордун Күн басат. Ушинтип түбөлүк айлануу мыйзамы жашайт. Күн узарганда, Түн кыскарат, Түн узарганда Күн кыскарат. Жаздын ордун Жай, Жайдын ордун Күз, Күздүн ордун Кыш, Кыштын ордун Жаз басып, бул жерде айлануу мыйзамы иштейт[8.139.]. Теңир дүйнө таанымында бардык нерсенин өз орду бар, ар нерсе өз ордунда жашайт жана өзүнүн кызматын кылат. Теңир дүйнө таанымында Жай менен Кыш бири-биринин ордун талашып каршылашпайт. Кыштын өтө суугу кандай жаман болсо, Жайдын өтө ысыгы андан бетер жаман. Бул Жакшынын жаманы, Жамандын да жакшысы бар дегенди билдирет. Ошол үчүн Кыргыз: “Жакшынын бир аты Жаман” дейт, же “Жаман айтпай жакшы жок” дейт.

А болбосо, эркекти жок кылып аял кантип жашайт? Же Аялды жок кылып, Эркек кантип тукум улайт? Дал ушул сыяктуу эле, Ангра Мандын өзүнүн орду бар. Суук болгону үчүн биз Ысыктын эмне экенин билебиз. Түн болгону үчүн Күндүн кадырын баалайбыз. Түндүн ишин Күн кыла албайт. Муздактын ишин Ысык алмаштыра албайт. Акырында:

1. Тенирчилик - дуалисттик мүнөздөгү дүйнө тааным;
2. Тенирчилик – деисттик көз караштагы диний-философиялык окуу

деген жыйынтыкка келдик. Дал ушул багыттагы изилдөөлөр гана анын этимологиясына жана түпкү маңыздарына байланышкан маанилерин так ачачт деп ойлойбуз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Безертинов Р.Н. Тенгрианство – религия тюрков и монголов. –Казань, 2004.
2. Бичурин Н.Я. – Собрание сведений о древних народах, обитавшх в Средней Азии в древние времена. Т.1-3. –М. 1950-51.
3. Мифы народов мира, 2-т. -М.: СЭ, 1992. Гл. ред. С.А.Токарев.
4. Өмүралиев Ч., \\Сборник научных статьей Первого международного научного симпозиума по тенгрианству “Тенгрианство – мировоззрение алтайских народов”. -Бишкек, 2003.
5. Сарыгулов Д., \\Сборник научных статьей Первого международного научного симпозиума по тенгрианству “Тенгрианство – мировоззрение алтайских народов”. -Бишкек, 2003
6. Стингл М. Таинственная Поинезия. -М.: Наука, 1991. Гл. ред. Восточной литературы.
7. Тогусаков О.А., Жумагулов М.Ж. Доисламские верования как истоки экологической этики. \\Гуманитарные проблемы современности. Научные труды молодых ученых. Выпуск 15. -Бишкек. 2012

8. Эгембердиев Т. Метафизика Тенгрианства. \\Сборник научных статьей Первого международного научного симпозиума по тенгрианству “Тенгрианство – мировоззрение алтайских народов”. -Бишкек, 2003.

**References:**

1. Bezertinov R.N. Tengrianism – the religion of the Turks and Mongols. –Kazan, 2004.
2. Bichurin N.Ya. – Collection of information about ancient peoples who lived in Central Asia in ancient times. Vol.1-3. –M. 1950-51.
3. Myths of the peoples of the world, 2-T. -M.: SE, 1992. Gl. ed. S.A.Tokarev.
4. Omuraliev Ch., \\ Collection of scientific articles of the First International Scientific Symposium on Tengrianism “Tengrianism – the worldview of the Altai peoples". -Bishkek, 2003.
5. Sarygulov D., \\Collection of scientific articles of the First International Scientific Symposium on Tengrianism “Tengrianism – the worldview of the Altai peoples". -Bishkek, 2003
6. Stingle M. Mysterious Poinesia. - M.: Nauka, 1991. Gl. ed. Oriental literature.
7. Togusakov O.A., Zhumagulov M.J. Pre-Islamic beliefs as the origins of environmental ethics. \\Humanitarian problems of our time. Scientific works of young scientists. Issue 15. -Bishkek. 2012
8. Egemberdiev T. Metaphysics of Tengrianism. \\Collection of scientific articles of the First International Scientific Symposium on Tengrianism “Tengrianism – the worldview of the Altai peoples". -Bishkek, 2003.

УДК: 796
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-96-102

**Асылташов Б. С., Джанузаков К.Ч., Арстанбеков С.А.**
Кыргыз-Түрк Манас университети, Коомдук илимдер институту, магистрант,
Кыргыз-Түрк Манас университети, спорт илимдер факультети, педагогика илимдеринин кандидаты, профессор,
Б.Турусбекова атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы, аспирант
**Асылташов Б. С., Джанузаков К.Ч., Арстанбеков С.А.**
Кыргызско-Турецкий университет Манас, Институт социальных наук, магистрант,
Кыргызско-Турецкий университет Манас, факультет спортивных наук, кандидат педагогических наук, профессор,
Кыргызская государственная академия физической культуры и спорта им. Б. Турусбекова, аспирант
**Asyltashov B. S., Dzhanuzakov K. Ch., Arstanbekov S. A.**
Kyrgyz-Turkish Manas University, Institute of Social Sciences, Undergraduate,
Kyrgyz-Turkish Manas University, Faculty of Sports Sciences, Candidate of Pedagogical Sciences, Professor,
Kyrgyz State Academy of Physical Culture and Sports named after B. Turusbekov, postgraduate student

## КЫРГЫЗ КҮРӨШҮНҮН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ӨНҮГҮҮ ЭТАПТАРЫ
## ВИДЫ И ЭТАПЫ РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗ КУРЕША
## TYPES OF KYRGYZ WRESTLING KUROSH AND STAGES OF DEVELOPMENT